# Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин ортосунда 2025-2028 -жылдарга карата түзүлгөн макулдашуусу

# Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин ортосунда 2025-2028 -жылдарга карата түзүлгөн үч тараптуу макулдашуусу

Кара-Суу шаары

2025-жыл

Кара-Суу райондук социалдык өнүгүү
башкармалыгында каттоодон өткөрүлдү
Башчы Н.Р.Кочкорбаев
№ 113 « 07 » 08 2025-жыл

## МАКУЛДАШУУНУН ЖАЛПЫ ЖОБОСУ

1. Кара-Суу районунун мамалекеттик администрациясы, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмү жана Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитети тарабынан Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Жамааттык келишимдер жөнүндө», «Эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө» мыйзамдарын ишке ашыруу, социалдык өнөктөштүктү бекемдөө жана өнүктүрүү максатында түзүлөт.

Макулдашуу тараптардын социалдык-экономикалык, эмгектик кызыкчылыктарынын, милдеттеринин мазмунун камтыган локалдык ченемдик- укуктук акт болуп саналат.

2. Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы, райондук билим берүү бөлүмү жана билим берүү кызматкерлеринин райондук кесиптик бирлик комитетинин макулдашуусу менен Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин талаптарына ылайык билим берүү тармагында эмгектенип жатышкан кызматкерлердин мыйзамдуу укуктарын жана алардын социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын коргоо, социалдык өнөктөштүктү чыңдоо максатында 2025-2028-жылдарга карата үч тараптуу макулдашуу түзүлөт.

3. Кыргыз Республикасынын бардык аймактарындагы юридикалык жеке жактарга тиешелүү болгон мыйзамдардын жана нормативдик документтердин негизинде түзүлгөн макулдашуу билим берүү кызматкерлеринин минималдык социалдык кепилдиктерин аныктайт.

4. Билим берүү тармагында эмгектенип жатышкан баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүн социалдык жактан коргоодо төмөндөгүдөй милдеттерди аткарууну алдына максат коет:

-Жалпы билим берүү мекемелериндеги мугалимдердин, техникалык кызматкерлердин жана мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринин тарбиячыларынын, техникалык кызматкерлеринин, кызматкерлердин эмгегин коргоо, алардын ден соолугун чыңдоо үчүн билим берүү мекемелеринин абалына жараша шарттарды түзүү;

-Баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүнүн эмгек акыларының ай сайын убагында туура эсептелип, банктагы өздүк эсебине которулуусун көзөмөлдөө;

-Баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүнүн жыл сайын чыгуучу акы төлөнүүчү эмгек өргүүлөрүнө төлөнүүчү төлөмдөрдүн кечиктирилбестен чегерилүүсүн көзөмөлдөө;

-Билим берүү мекемелеринде жетишпеген кадрлар менен толуктоого көмөктөшүү жана алардын билим берүү мекемелеринде эмгектенип калуусу үчүн тиешелүү шарттарды түзүү;

-Билим берүү кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган социалдык кепилдиктердин жана жеңилдиктердин көрсөтүлүшүн ишке ашыруу;
-Иш ордунда кызматкерлердин эмгегин коргоо жана ден соолукту чыңдоо иштерин алып баруу;

- Социалдык жактан колдоого муктаж,турмуш шарты оор,көп балалуу,ден соолугу начар баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүнө моралдык жана материалдык жактан колдоолорду уюштуруу;
-Чыгармачылык изденүү менен эмгектенип жатышкан мугалим-тарбиячылардын иш тажрыйбаларын райондук,облустук жана республикалык деңгээлде жайылтуу, аларды колдоо максатында тармактык сыйлыктарга сунуштоо;
-Кесиптик бирлик уюмдун мүчөлөрүнүн милдеттеринин жана эмгектик укуктарынын турмушка ашырылышы жөнүндө маалыматтарды жеткирүү максатында билим берүү мекемелеринин жетекчилери менен биргеликте окутуу-семинарларын уюштуруу жана айыл аймактарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда кароо-сынактарды уюштуруу;
-Билим берүү кызматкерлеринин социалдык-эмгектик укуктарын коргоо,аларды материалдык жана моралдык жактан колдоо максатында социалдык өнөктөштөр менен тыгыз мамиледе иш алып баруу;
-Баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрү менен биргеликте Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Конституциянын 21,24,34,54-беренелери боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, жаш өспүрүмдөр арасында улуттар аралык достукту бекемдөө, диний жана этностук кырдаал боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, кылмыштуулукту болтурбоо, зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында ата-энелер, коомчулук, мугалимдер жана социалдык педагогдор менен биргеликте семинар-тренингдерди,тегерек столдорду, жолугушууларды уюштуруу.

Макулдашууга үч жылдын арасында үч тараптын макулдугу, сунушу менен кошумчалар, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө болот. Макулдашуу түзүлгөн жылдар арасында тараптар Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексине жана макулдашууда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык жекелик талаш-тартышты, жамааттык келишпөөчүлүктү болтурбоого бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонууга милдеттүү.
Айыл аймактарынын башчылары жана шаар башкармалыгынын мэри жалпы билим берүүчү мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин директорлору жана баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрага, төрайымдарынын ортосунда түзүлгөн үч тараптуу келишимди айыл аймагы жана шаар башкармалыгы тарабынан милдеттүү түрдө каттоодон өткөрүү.
Тараптар Макулдашуу жылдар аралыгында макулдашуунун талаптарын бир тараптуу аткарбай коюусуна жол берилбейт.

## Макулдашуу түзүүдө тараптардын кызматташуусунун негизги багыттары

## I. Эмгектенип жатышкан баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүнүн экономикалык жана социалдык кызыкчылыктарын коргоо

1.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2023-жылдын

29-июнунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы «Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» №181 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин
2023-жылдын 14-августундагы «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы «Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» №181 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» №416 токтомуна ылайык билим берүү мекемелеринде республикалык бюджеттин эсебинен төлөмдөрдү аткаруу;

Райондук мамлекеттик администрациясы
Райондук билим берүү бөлүмү

1.2. Билим берүү кызматкерлеринин эмгек акыларынын, кошумча төлөмдөрүнүн туура эсептелишин жылына бир жолудан кем эмес көзөмөлдөө:

- Эмгек акыны өз убагында, мыйзамга ылайык төлөнүүсүн;
- Зыяндуу шартта иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөрдүн төлөп берилишин;
- Түнкү кезметте иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөрдүн төлөп берилишин;
- Дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрү иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөрдүн төлөп берилишин;
- Эмгек стажы үчүн кошумча төлөмдөрдүн төлөп берилишин;
- Бийик тоолуу аймакта иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөрдүн төлөп берилишин;
- Мектепке чейинки билим берүү кызматкерлеринин өз билимин өркүндөтүү курстарына баруудагы кызматтык сапар чыгымынын төлөп берилүүсүн.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.3. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын Педагогикалык кызматкерлердин социалдык укуктары жана кепилдиктери жөнүндөгү 45-беренесинин 8-пунктуна ылайык айыл жеринде жайгашкан билим берүү уюмдарына иштөөгө жиберилген кесиптик орто жана жогорку билим берүү уюмдарынын педагогикалык факультеттеринин бүтүрүүчүлөрү-жаш адистердин депозит алуусуна жетишүү:
-Турак жай куруу үчүн жер тилкесин алууга;
-Ипотекалык батир алууга (ГИК);
-Бир жолу берилүүчү жөлөк пулдун төлөнүп берилүүсүнө жетишүү (жергиликтүү өз алдынча органдарынын мүмкүнчүлүгүнө жараша ).
-Жаш адистердин эмгек орундарын жакшыртуу, алыс жактан келип иштеген кызматкерлердин жашоосу үчүн батир маселесин жергиликтүү бюджеттин эсебинен чечип берүүгө же батир үчүн ай сайын төлөнүүчү төлөмдөрүн төлөтүп берүүсүнө жетишүү;
- Жогорку жана атайын педагогикалык окуу жайларын жаңыдан бүтүрүп жумушка келген жаш адистерди насаатчы мугалимдерге бекитип берүү жана алар менен алып барылган усулдук иштердин жыйынтыгына мониторинг жүргүзүү.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.4. Айыл аймактарында жана шаар башкармалыгынын территориясында жайгашкан билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин алдында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 16.02 №46 токтомун иш жүзүнө ашыруу үчүн көмөкчү чарбаларды уюштурууда колдоо көрсөтүүсүнө жетишүү.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.5. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 96-беренесине ылайык мугалимдердин эмгек маянасынан мыйзамсыз түрдө кармоолорго жол бербөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.6. Кызматкердин жазуу жүзүндө арызынын жана турмуштук олуттуу себеби боюнча Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин "Үй-бүлөлүк жагдайларга ылайык жүйөөлүү себептер боюнча кызматкерге анын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча эмгек акысы сакталбаган өргүү берилиши мүмкүн, анын узактыгы кызматкер менен иш берүүчүнүн ортосундагы макулдашуу боюнча аныкталат"- №77-беренесине ылайык эмгек акысы сакталбаган өргүүгө чыгарууну көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети,

1.7. Билим берүү мекемелеринин жетекчилерине, баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрага, төрайымдарына Кыргыз Республикасынын Президентинин Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча Жарлыктары, Эмгек Кодекси, укуктук-нормативдик актылар жана эмгек мыйзамдары жөнүндө окууларды уюштуруу.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.8. Билим берүү мекемелеринде педагогикалык кызматкерлерди өз убагында тарификациядан өткөрүүгө, эмгек китепчелерди туура толтурууга жана сактоого жетишүү.
-Мектептердеги тарификациянын комиссия курамынын катышуусунда түзүлүшүн, жумалык жүктөмдөрдүн мугалимдердин кесипкөйлүгүнө карата бөлүнүшүн, эмгек акылардын жана зыяндуулук боюнча кошумча төлөмдөрдүн туура төлөнүүсүн көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.9. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин талаптарын аткарууда биргелешкен көзөмөлдү күчөтүүдө өзгөчө төмөндөгүлөргө көңүл буруу жана аткарууга алуу:

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин Түнкү убактагы иш үчүн эмгек акы төлөө жөнүндөгү 56,103-беренесине ылайык билим берүү мекемелеринде түнкү убакта эмгектенген кароолдордун жана от жагуучулардын (кочегарлардын) эмгек акысына кошумча акылардын төлөп берилүүсүн көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.10. Эмгек Кодексинин Эмгек акы төлөө жана ченемдөө бөлүгүнүн 91,93,94,103, 109-беренелерине ылайык кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн,эмгек акы төлөөнүн мөөнөттөрүнүн өз убагында туура жана так жүргүзүлүүсүн, түнкү убактагы жумушу үчүн эмгек акы (кароолдордун), дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрүндөгү жумушка акы төлөөнүн жана кошумча төлөмдөрдүн төлөп берилүүсүн көзөмөлдөө

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.11. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин Эмгек акы сакталбаган өргүү жөнүндөгү 77-беренесине ылайык Билим берүү мекемелеринде эмгектенип жатышкан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга-жылына 60 күнгө чейин, кызматкерлерге-бала төрөгөн, никеге катталган,жакын туугандары каза болгон учурларда-(77-берененин 2-бөлүгүнүн 4 пунктчасы) 5 календарлык күнгө чейин эмгек акысы сакталбаган өргүүнүн берилишин, айлыгы сакталбаган өргүүдө болгон учурда жумуш орунунун сакталышын жана иш берүүчүнүн демилгеси менен кызматкерди кызмат акысы сакталбаган өргүүгө жиберүүгө жол берилбөөсүн (77-берене, 4-пункт) түшүндүрүү менен көзөмөлгө алуу.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.12. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин Эмгек акыдан кармап калуу жөнүндөгү 96-беренесине ылайык иш берүүчү тарабынан кызматкерге ашыкча төлөгөн, анын ичинде мыйзамды туура эмес колдонуудан ашыкча төлөнгөн эмгек акы туура эмес эсептелгенден башка учурларда андан кармап калышы мүмкүн эмес, Эмгек акыдан кармап калуу өлчөмүн чектөөнүн *(Жумуштан бошоноордо берилүүчү жөлөк пулдардан, компенсациялардан жана башка төлөөлөрдөн кармап калууга жол берилбейт)* аткарылуусун көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.13. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу өзгөчө шарттарда эмгек акы төлөө жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 99-беренесине ылайык бийик тоолуу аймактарда жана барууга кыйын жалпы билим берүүчү мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде иштеген кызматкерлерге кошумча төлөмдөрдүн төлөнүп берилүүсүн көзөмөлдөө

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.14. Борборлоштурулган бухгалтериянын бухгалтерлерине эмгек акыларды, эмгек өргүүлөрдү, жеңилдиктерди, кошумча төлөмдөрдү мыйзам чегинде айлык акыларды төлөөлөр боюнча окуу-семинарларды өткөрүү жана уюштуруу.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.15. Жалпы билим берүү мекемелеринде, райондук билим берүү бөлүмүндө, райондук билим берүү бөлүмүнүн борборлоштурулган эсепканасынын кызматкерлеринин, сырттан окуу мектебинин жана мектептен тышкаркы жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүнүн айлык акысынан которууга жазуу жүзүндөгү макулдугунун негизинде кармалган мүчөлүк акылардын 1пайыздык өлчөмүн өз убагында кесиптик бирлик комитетинин банктык эсебине которуу.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.16. Социалдык-экономикалык абалы өтө оор баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрү жөнүндөгү маалыматтарды тактоо жана аларга материалдык-моралдык колдоолорду уюштуруу:
- Социалдык жактан колдоого муктаж, төмөнкү айлык акы менен эмгектенип жатышкан мугалим-тарбиячыларга,техникалык кызматкерлерге жергиликтүү бюджеттин эсебинен кошумча материалдык жардамдарды алып берүүгө көмөк көрсөтүү жана көзөмөлдөө.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.17. Ден соолугуна же турмуш шартына байланыштуу жүйөөлүү себептер менен белгилүү мөөнөткө чейин акысыз эмгек өргүүдө жүргөн жана кош бойлуулугу боюнча акысыз өргүүдө жүргөн билим берүү кызматкерлерин (КР ЭК 80 “Кош бойлуулук жана төрөт боюнча,бала багуу боюнча боюнча эмгек өргүүлөр”, 148-берене “Кош бойлуулук жана төрөгөндүгү боюнча өргүү”, 150-“Эмгек келишимин бузууда кош бойлуу аялдарга жана балалуу аялдарга кепилдиктер”) окуу жылынын башталышында жыл сайын бир ставкалык тарификациядан өткөрүлүүсүн көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.18. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин Баланы эмизүү үчүн тыныгуулар жөнүндөгү 150-“Баланы эмизүү үчүн тыныгуулар” беренесинин билим берүү мекемелеринде аткарылышын көзөмөлдөө (Бир жарым жашка чейинки балдары бар иштеген аялдарга эс алуу жана такмактануу үчүн тыныгуудан тышкары баланы эмизүү үчүн кеминде ар бир 3 саат иштегенден кийин узактыгы 30 мүнөттөн кем эмес кошумча

тыныгуулар берилет, тыныгууларды берүүнүн мөөнөтү жана тартиби эненин каалоолорун эске алуу менен иш берүүчү тарабынан белгиленет.)

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.19. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин "Иштен бошотуу жөлөк пулу" жөнүндөгү 47-беренесине жана жумуштан бошогон кызматкерлерге берилүүчү жеңилдиктер жана компенсациялар жөнүндөгү 48-беренесине ылайык билим берүү кызматкерлеринин жумуштан бошогон учурларында компенсациялардын өз убагында төлөтүп берилүүсүн көзөмөлдөө (Эмгек Кодексинин 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1,2-пункттарында көрсөтүлгөн негиздер боюнча эмгек келишимин бузууда эки орточо айлык эмгек акынын өлчөмүнөн төмөн эмес өлчөмдө иштен бошотуу жөлөк пулу төлөнөт)

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

1.20. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 109-беренесине ылайык дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрү иштегендиги үчүн жумушка эмгек акы төлөп берилүүсүнө жетишүү. (КР ЭК 109-берене "Дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрүнө эмгек акы төлөө")

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

## II. Социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү жана эмгек мамилелеринде укуктуулукту камсыздоо

2.1. Социалдык жактан колдоого муктаж, ден соолугу начар, турмуш шарты оор, оорукчан балдары бар, турак жайы жок батирде жашаган билим берүү кызматкерлерине жана алардын мектеп жашындагы балдарына материалдык колдоолорду көрсөтүү.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

2.2. Райондук билим берүү бөлүмү, жалпы билим берүүчү мектеп, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы мекемелердеги педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууга Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын 46-беренесине ылайык шарттарды түзүү жана уюштуруу.

Кызматкер иш сапарына жиберүүдө анын жумуш ордун жана эмгек акысын сактоо, ошондой эле иш сапарына байланыштуу чыгымдардын ордун толтуруу кепилденет (КР ЭК Кызматкерди иш сапарына жиберүүдөгү кепилдиктер 115-беренеси) жана Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-майындагы №241 токтомунун негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан төлөнүп берилет.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячыларынын өз билимин өркүндөтүү үчүн барган кызматтык сапар чыгымдары Кыргыз Республикасынын

Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы №302 токтомуна ылайык айыл аймактарынын жергиликтүү бюджетинин эсебинен өз убагында төлөтүп берилүүсүнө жетишүү.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

2.3. Билим берүү кызматкерлеринин Август кеңешмесин өткөрүү, жаңы окуу жылына карата милдеттерди белгилөө жана райондук кароо-сынактардын жыйынтыгын чыгаруу. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 87-беренесине ылайык кызматкердин ийгиликтүү иши үчүн баалуу белектер, Ардак грамоталар менен сыйлоо үчүн сунуштамаларды даярдоо. Коомго жана мамлекетке өтөгөн өзгөчө эмгеги үчүн мамлекеттик сыйлыктарга сунуштоо.

-Окуучусу Жалпы республикалык тестирлөөдө 200 баллдан ашык баллга жана «Алтын сертификатка» жетишкен эмгек жамааттарын сыйлоо жана өзгөчө иштеген мугалимдерге Ардак грамоталарды,белектерди уюштуруу;

-Предметтик олимпиаданын райондук, облустук,республикалык турларынын жыйынтыгы менен байгелүү 1,2,3- орундарга жетишкен мектеп окуучуларын, предметтик мугалимдерди Ардак грамоталар жана белектер же акчалай сый акылар менен сыйлоо;

-Билим берүү кызматкерлеринин арасында өткөрүлгөн (айыл аймактарындагы мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин арасында, райондук,облустук, республикалык этаптагы ) спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүн сыйлоо.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

2.4. Окуу жылынын жыйынтыгы менен билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүнө мониторинг жасоо жана жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен жалпы билим берүүчү мектеп жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарына Август Педагогикалык Кеңешмесинде материалдык колдоолорду көрсөтүү жана сыйлыктарды тапшыруу.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

2.5. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин Эмгек келишиминин мөөнөтү жөнүндөгү 18-беренесине ылайык билим берүү мекемелеринин жетекчилери менен түзүлгөн эмгек келишиминде көрсөтүлгөн ченемдердин жана мөөнөтүнүн аткарылышын так кармоого жетишүү. (18-берене Эмгек келишиминин мөөнөтү жана эмгек келишиминде шартталбаган иштерди аткарууну талап кылууга тыюу салуу)

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

2.6. Мекеменин жоюулуусуна, штаттык кыскартууларга туш болгон (учураган) учурда профсоюз мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жана мыйзамсыз чечимдерге жол бербөө

жана Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 44-беренесинин1- бөлүгүнүн 1, 2-пунктунда көрсөтүлгөн негиздер боюнча эмгек келишими бузулса эмгек акысынын 2 орточо айлык өлчөмүндө бошонуу жөлөк пулу төлөнөт, 40-беренесинин 1- бөлүгүнүн 10-пункту, 44-берененин 1- бөлүгүнүн 3-пунктунун «а» пунктчасы жана 49-берененин 1-бөлүгүнүн 1, 2-пункттары боюнча эмгек келишимин бузууда эмгек акынын орточо айлык өлчөмүндө жөлөк пул төлөп берилүүсүнө жетишүү жана көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

2.7.Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 45- Кеисптик бирлик уюмунун же болбосо кызматкерлердин башка өкүлчүлүктүү органынын алдын ала макулдугу менен иш берүүчүнүн демилгеси боюнча эмгек келишимин бузуу беренсине ылайык кызматкерди алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугусуз бошотууга жол берилбейт. Жамааттык келишим менен иш берүүчүнүн демилгеси боюнча **эмгек келишимин бузууга кесиптик бирлик уюмунун** же болбосо башка өкүлчүлүктүү органдын алдын ала макулдугу талап кылынуучу бошотуунун дагы башка негиздери каралышы талаптарынын аткарылышын көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

2.8. Билим берүү мекемелеринин жетекчилерине, баштапкы профсоюз уюмдарынын төрагаларына эмгек жөнүндө мыйзамдардын, бюджетти каржылоонун стандарттары, эмгекке акы төлөө, кызматкерлерди эмгек өргүүгө чыгаруу боюнча укуктук кеңештерди берүү.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

2.9. Баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүнүн укугун жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо. Кызматкерлердин арыз даттанууларын жеринде кароо. Кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн эмгектик укуктарын коргоо үчүн соттук процесстерге катышуу жана алардын кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу.

Кесиптик бирлик комитети

2.10. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 244-беренесине ылайык билим берүү мекемелеринде эмгектик-талаш тартыш комиссияларын түзүү, жекече талаш-тартыш маселелерин жеринде тез, ыкчам чечүүгө жетишүү. (Эмгек талаш-тартыштары боюнча комиссиялар)

Кесиптик бирлик комитети

2.11. Пенсия курагына жеткен педагогикалык кызматкерлерди иш берүүчүнүн демилгеси менен жумуштан мыйзамсыз бошотуусуна жол бербөө.

Билим берүү бөлүмү

Кесиптик бирлик комитети

2.12. Кыргыз Республикасынын «Эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө» мыйзамынын 14-5- беренесине ылайык кызматкерлердин өкүлдөрүнүн ишин камсыз кылуучу шарттарды түзүү боюнча иш берүүчүнүн милдеттеринин толук аткарылышына жетишүү.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү

2.13. Аскерге чейинки даярдоо сабактарын окутууда каананын жабдылышы, зарыл болгон колдонулуучу каражаттар менен камсыздоого жетишүү;
-Дене тарбия сабактарын сапаттуу окутуу үчүн спортзалды, спортаянтчаны тиешелүү спорттук эмеректер менен камсыздоо (стандарттык эмес жабдуулар, волейбол сеткасы, тобу, баскетболдук, футболдук аянтчалар,топтор, машыгуу үчүн спортинвентарларды сатып берүүсү), мыйзамга ылайык спорттук иш-чараларга материалдык колдоо жактан колдоо көрсөтүүсүнө жетишүү;

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

## III. Билим берүү кызматкерлеринин ден соолугун чыңдоо, эмгектин коопсуз шарттарын жана эмгекти коргоону камсыз кылуу, жайкы эс алууларын уюштуруу жана социалдык камсыздандыруу жөнүндөгү милдеттер

3.1. Жалпы билим берүүчү мектеп, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринде Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексине ылайык эмгектин коопсуз шарттарын түзүү жана кырсыктарды болтурбоо үчүн иш-чаралардын түзүлүүсүн жана аткарууга алынуусун көзөмөгө алуу;

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.2. Райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитети тарабынан кызматкерлердин ден соолугун чыңдоо максатында курорт-санаториялар, ден соолукту чыңдоо борборлору жана эс алуу жайлары менен келишим түзүп, кызматкерлердин эс алуусуна, ден соолуктарын чыңдоого шарттарды түзүү.

Кесиптик бирлик комитети

3.3. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык жалпы билим берүү мектептеринде жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарында иштеген кызматкерлерди жыл сайын жаңы окуу жылынын башталаар алдында белгиленген графиктин негизинде мамлекеттик дарылоо-профилактикалык мекемелеринен акысыз амбулатордук, медициналык кароодон өткөрүү.

Райондук мамлекеттик администрациясы

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.11.2021-жылдагы № 727 токтомунун талаптарына ылайык кызматкерлерге убактылуу эмгекке жарамсыздык, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөк пулдарынын төлөнүүсүн ишке ашыруу, көзөмөлдөө.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.5. Кызматкерлердин медициналык кароодон акысыз өтүүсүн райондук эмкана менен биргеликте түзүлгөн графикке ылайык ишке ашырылуусун көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.6. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин Өзгөчө шарттардагы эмгекке акы төлөө жөнүндөгү №164-беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтомуна ылайык зыяндуу жумуш орундарын аттестациялоо боюнча билим берүү мекемелеринин жетекчилерине усулдук жардамдарды көрсөтүү, өзгөчө шартта эмгектенишкен билим берүү кызматкерлеринин айлык акысына 15%дан 30%га чейин кошумча үстөк акы төлөп берилүүсүн көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.7. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексининин талаптарына ылайык кызматкерлердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу, иштиктүү сапаттарын аныктоо максатында аттестациялоонун жүрүшүнө көзөмөл жүргүзүү (КР ЭК 121-Кадрларды даярдоодо жана кайра даярдоодо иш берүүчүнүн укуктары жана милдеттери, 122-берене Аттестация)

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.8. Райондогу бардык билим берүү уюмдарында сентябрь айынан кечиктирилбестен зыяндуу жумуш орундарын аттестациялоону ишке ашыруу (Тарификация убагында).

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.9. Жалпы билим берүү мектептеринде жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде жумушка жаңыдан кабыл алынган жана жаңыдан жумушун баштап жаткан кызматкерлерге эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук боюнча нускама өткөрүлүүсүн көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү

Кесиптик бирлик комитети

3.10. Билим берүү мекемелеринде эмгектенип жатышкан жетекчилер, баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрагалары, төрайымдары үчүн Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси, эмгекти коргоо боюнча мыйзамдары жана нормативдик-укуктук ченемдер боюнча окутуу-семинарларын, тренингдерди уюштуруу;

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.11. Жаңы окуу жылына карата жалпы орто билим берүү мектептерди жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарын кабыл алууда мамлекеттик өрткө каршы кызматын, ошондой эле зыяндуу жумуш орундарын аттестациялоодо мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы кызмат адамдарынын катышуусун камсыздоо.
-Мугалимдерге ыңгайлуу иштөөсү үчүн тиешелүү шарттарды түзүүгө жетишүү
-Сабактардын жадыбалдарын мугалимдин шартын эске алуу менен макулдашуунун негизинде түзүүсүн көзөмөлдөө;
-Эмгек акыларынын туура эсептелиниши;
-Мугалимдин иш бөлмөсү-предметтик класстык кааналнын болушу;
-Класстык бөлмөлөрдөгү жарыктын жеткиликтүүлүгү, жылуулук, жаңы технологиялар менен жабдылышы;
-Лабораториялык-практикалык сабактарды өтүү үчүн жетиштүү шарттар;
-Спортзал, спортаянтчалардын талапка жооп бериши;
-Аскерге чейинки даярдык сабагын өтүү үчүн жетиштүү шарттар;
-Кызматкерлер үчүн эс алуу бөлмөлөрүн түзүүгө жетишүү;

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.12. Билим берүү уюмдарында эмгектин коопсуз шарттарын, кызматкерлердин медициналык жактан кепилдигин камсыз кылууда иш берүүчүлөр өзүлөрүнө жүктөлгөн кызматтык милдеттерин жоопкерчилик менен аткаруусун камсыз кылууга жетишүү.
-Мугалимдерди, тарбиячыларды жана техникалык кызматкерлерди жылына бир жолу милдеттүү түрдө мамлекеттик дарылоо-алдын алуу мекемелеринде акысыз амбулатордук медициналык текшерүүдөн өткөрүү жана медициналык кароонун жыйынтыгы менен өнөкөт жугуштуу оорусу аныкталган оорулуу кызматкерлерди каттоого алуу.
- Жугуштуу оорусу аныкталган кызматкерлердин медициналык кароонун жыйынтыгы менен жумуштан бошотулуусун көзөмөлгө алуу (КР «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы 45-берене, 6-пункту)

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.13. Баштапкы кесиптик бирлик уюмунун мүчөлөрү дуушар болгон бөөдө кырсыктардын келип чыгуусун териштирүүдө, кесиптик ооруга чалдыкканда жана сотто профсоюз мүчөлөрүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого жетишүү, эмгекти

коргоо жаатындагы мыйзамдардын сакталышына жана катталган бөөдө кырсыктарды териштирүүдө коомдук көзөмөлдү күчөтүүнү жүзөгө ашыруу.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.14. Эмгекти коргоо боюнча мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, кесиптик бирликтердин макулдашуусу менен эмгекти коргоо көйгөйлөрүнүн чечилүүсүнө жетишүү (КР ЭК 203,204205,206,207)

Айыл өкмөттөрү, шаардык мэрия
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.15. Иш берүүчүлөр тарабынан кызматкерлердин эмгектенүүсүнө ыңгайлуу шарттарды түзүүсүн, алардын эс алуусу үчүн атайын бөлмөлөрдүн ажыратылуусун жана катуу эмеректер, техникалык каражаттар менен камсыз кылынуусун көзөмөлдөө

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.16. Билим берүү мекемелеринде техникалык коопсуздук жана өрт коопсуздугунун алдын алуу иштерин алып баруу.
От жагуучуларды, техникалык тейлөөчү кызматкерлерди атайын кийимдер, каражаттар менен камсыздоо (кочегарь, ашпозчу,пол сүрткүчтөр).
От жагуучулар үчүн эс алуучу кааналарын ремонттоп,шарт түзүп берүүсүн көзөмөлдөө.

Айыл өкмөттөрү, шаар мэриясы.
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.17. Билим берүү мекемелеринде эмгектенип жатышкан кызматкерлерге айыл аймактарынын жергиликтүү бюджетинин эсебинен коммуналдык жардамдарды- кыш мезгилине көмүр, жыгач отун камдоодо, электр энергиясынан кошумча төлөмдөрдү төлөөдө колдоо көрсөтүүсүнө жетишүү.
Акимдин резервдик фондунан материалдык жардамдарды уюштуруу.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.18. Билим берүү мекемелерин жаңы окуу жылына карата даярдоодо мугалимердин ремонт иштеринен бошотуу, акы төлөнүүчү жумуш орундарын табып,ремонт иштерин жасоого, техникалык кызматкерлерге (пол жуугучтар, короо тазалагыч, от жаккычтарга) айыл аймактар тарабынан жергиликтүү бюджеттин эсебинен атайын кийим, керектүү шаймандарды (швабра,пол аарчыган тряпка, короо тазалаганга шыпыргы, араба, лопата ж.б. айыл чарба шаймандары) (спецодежда) алып берүүсүнө жетишүү.

Райондук мамлекеттик администрациясы

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.19. Күз-кыш мезгилдеринде от жаккан кызматкерлерге (кочегарь) уруксатнаама күбөлүгүн алып берүү, кызматкерлерге ден соолугуна кам көрүү максатында бир маал сүт азыктарын берүүсүнө жетишүү

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.20. Билим берүү мекемелеринде өрт коопсуздугунун алдын алуу максатында тиешелүү өрт өчүрүүчү шаймандар (пожарный щит) менен камсыздоого жетишүү

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.21. Билим берүү кызматкерлеринин ден соолугун чыңдоо үчүн Ысык-Көл облусундагы санатория, пансионаттарга, "Көгүлтүр Ысык-Көл", "Ысык-Ата", Жалал-Абад облусундагы «Жалал-Абад», «Арстанбап», «Керемет», Ош шаарындагы А.Мамакеев, «Барчын» профилактория-санаторияларына, Кыргыз курортология, калыбына келтирүү жана дарылоо илимий-институту менен (Воронцовка) келишимдик негизде түзүлгөн 50-70 пайыздык жана 100%дык жеңилдетилген жолдомолор менен камсыз кылуу.

Кесиптик бирлик комитети

3.22. Социалдык жактан колдоого муктаж, көп балалуу,турмуш шарты оор билим берүү кызматкерлеринин мектеп жашындагы балдарын жайкы каникул учурунда Кара-Суу районундагы «Ак-Терек», Ноокат районундагы А.Чынгараев атындагы ж.б. балдардын жайкы эс алуу жайларына жол акыларын төлөө аркылуу эс алдырууну уюштуруу

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.23. Билим берүү кызматкерлеринин мектеп жашына жеткен балдарын билим берүү мекемесине жана мектепке чейинки билим берүү мекемесине кабыл алуу биринчи кезектеги тартипте жүзөгө ашырылышына жетишүү.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

3.24. Райондогу билим берүү мекемелеринин ар биринде шартына жараша баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрү үчүн баштапкы кесиптик бирлик уюмунун каанасын, бурчун жана эс алуу бөлмөлөрүн уюштурууга жетишүү

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

## IV. Билим берүү кызматкерлеринин социалдык кепилдиги жана эс алууларын уюштуруу

4.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №434 токтомунун тиркемесиндеги Жобонун негизинде мугалимдердин эмгекке жарамсыздык баракчалары боюнча төлөмдөрдү, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөк пулдарын жана расымдык (сөөк коюуга) жөлөк пулдардын өз убагында төлөнүп берилүүсүнө жетишүү;

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.2. Билим берүү кызматкерлерине санаторияларга, пансионаттарга жолдомолорду алып берүү, кызматкерлердин ден соолугун чыңдоо жана жамааттык, топтук эс алууларын уюштуруу.

Кесиптик бирлик комитети

4.3. Турмуш-шарты оор, көп балалуу, ден соолугу начар, ооруп дарылanууга муктаж болгон кесиптик бирлик мүчөлөрүнө материалдык жардамдарды көрсөтүү.
-Ден соолугу начар билим берүү кызматкерлерине ден соолуктарын чыңдоо үчүн профилактория-санаторияларга, курортторго келишимдик негизде алынган жолдомолор менен ден соолугун чыңдоого жиберүү, арыздарынын негизинде материалдык жардамдарды көрсөтүү.

Кесиптик бирлик комитети

4.4. Билим берүү мекемелеринин жетекчилери жана баштапкы профсоюз уюмдары менен биргеликте баштапкы кесиптик бирлик уюмунун иштөө каанасын, эс алуу бөлмөлөрүн уюштурууга жетишүү.

Кесиптик бирлик комитети

4.5. Билим берүү кызматкерлеринин арасында аймактык, райондук спартакиадаларды жана маданий-массалык иш-чараларды уюштуруп өткөрүү, активдүү катышуучуларды жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.6. Билим берүү мекемелеринде «Сергек жашоо образын» пропагандалоо максатында «Ден соолук» күнүн уюштуруп өткөрүүнн практикалоо.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.7. Билим берүү кызматкерлеринин мектеп жашындагы балдарынын жайкы каникул учурунда эс алууларын уюштуруу, алардын ден соолуктарын чыңдоого карата тиешелүү иш-чараларды уюштуруу.

Кесиптик бирлик комитети

4.8.Ар бир билим берүү мекемесинде түзүлгөн эмгек талаш-тартыштары боюнча комиссиясынын иштөө ыкмасын жана билим берүү мекемесинде пайда болгон талаш-тартышты иликтөө учурунда мыйзам чегинде чечим чыгаруусун көзөмөлгө алуу.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.9. Билим берүү мекемелеринде эмгектенип жаткан кызматкерлерди (мугалимдер, тарбиячылар, техникалык кызматкерлер) жетекчилер тарабынан негизсиз жумуштан бошотуусуна жол бербөө. Кызматкердин өзүнүн укуктары бузулган же жумуштан мыйзамсыз бошотулуп эмгек китепчеси колуна берилген күндөн тартып талаш-тартыштарды кароочу органдарга кайрылуу укугун түшүндүрүү, Мыйзамсыз жумуштан бошотулган кызматкердин укугун коргоп, кайрадан иш ордуна канааттандыруу.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.10. Негизги иштеген мектебинен башка билим берүү мекемесинде айкалыштырып иштеген же экинчи бир адистик алуу үчүн жогорку окуу жайында (магистратура) кошумча билим алып жаткан мугалимдерге тиешелүү шарттарды түзүп берүү жана кепилдиктерди, компенсацияларды сактоо менен төлөмдөрдү төлөп берүүгө жетишүү .

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.11. Билим берүү мекемелерине жумушка орношкон кызматкерлердин эмгек китепчелеринин убагында, туура толтурулушун жана сакталышын көзөмөлгө алуу (КР ЭК 26-берене)

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.12. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин Акы төлөнүүчү ар жылдык эмгек өргүү жөнүндөгү 68-79-беренелерине ылайык билим берүү кызматкерлеринин эмгек өргүүгө белгиленген мөөнөтүндө чыгып, эс алууларына, ден соолуктарын чыңдоосуна мүмкүнчүлүк түзүү;

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.13. Билим берүү мекемелеринде эмгектенип,бааракы жашына жеткен кызматкерлердин өздөрүнүн макулдугу жана арыздарынын негизинде эки тараптуу түзүлгөн эмгек келишимдеринин негизинде бошотуп, ардактуу эс алууга салтанаттуу түрдө узатылуусун көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.14. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин Кызматкерлердин профсоюздук уюмунун же болбосо башка өкүлчүлүктүү органынын алдын ала макулдугу менен иш берүүчүнүн демилгеси боюнча эмгек келишимин бузуу жөнүндөгү (44-б.1-бөлүгүнүн 2-п.,3-п.”б”, 5-п.,6-п.”г”) 45-беренесинин талаптарына ылайык жумуштан бошотууда билим берүү кызматкерлеринин райондук профсоюз комитети менен макулдашуу аркылуу иш жүргүзүү;

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.15. Педагогикалык кызматкерлерди кесиптик педагогикалык ишине байланышпаган айыл чарба жана башка иштерге тартууга жол бербөөгө жетишүү (КР «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы)

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.16. Жыл сайын өткөрүлүүчү кароо-сынактардын, спорттук иш-чаралардын («Жылдын мыкты мугалими», «Жылдын мыкты тарбиячысы», «Жылдын мыкты усулкаанасы», «Жылдын мыкты мектеби», «Жылдын мыкты мектепке чейинки билим берүү мекемеси» , «Манас таануу» интеллектуалдык таймашы, мугалимдердин жазгы спартакиадасы,ж.б.) райондук, облустук жана республикалык турларынын жеңүүчүлөрүн жана активдүү катышуучуларын Ардак грамоталар жана баалуу белектер менен сыйлоону уюштурууда колдоо көрсөтүү.

Райондук мамлекеттик администрациясы
Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.17. Бийик тоолуу жана аларга теңдеш жайгашкан билим берүү мекемелеринде иштеген кызматкерлерге КР ЭК 69) ар жылдык акы төлөнүүчү кошумча эмгек өргүүлөрдү берүүгө жетишүү жана өргүү акысынын мыйзамдуу төлөнүп берилишин көзөмөлдөө.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.18. Кыргызстан Профсоюздарынын Федерациясы тарабынан уюштурулган дисконттук карталарды алууну уюштуруу жана дисконттук карталарды пайдаланууда сунушталган уюмдар менен келишимдерди түзүүгө жетишүүө

Кесиптик бирлик комитети

4.19. 5-октябрь-Мугалимдердин кесиптик майрамы жана 19-октябрь-Социалдык коргоо кызматкерлеринин жана профсоюз күнүнө карата билим берүү мекемелеринин

директорлорунун, чыгармачылык менен эмгектенип жатышкан мугалим-тарбиячылардын жана баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрага, төрайымдарынын катышуусунда салтанаттуу иш-чара уюштуруу.

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

4.20. Жыл ичи белгиленүүчү даталуу күндөргө карата салтанаттуу иш-чараларды уюштуруп өткөрүүгө катышуу жана чыгармачылык изденүү менен эмгектенип жаткан, функционалдык милдеттерин жоопкерчилик менен аткарышкан баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүн сыйлоону уюштуруу

Билим берүү бөлүмү
Кесиптик бирлик комитети

## V. Макулдашуунун корутундусу.
## Үч тараптуу макулдашуунун ишке ашырылышын, кабыл алынган милдеттерди аткарууну уюштуруу жана көзөмөлдөө

5.1. Макулдашууга кол койгон тараптар ыйгарым укуктарынын чектеринде макулдашуудагы талаптарды өз убагында, толук, ак ниеттүүлүк жана жоопкерчилик менен аткарууга жоопту болушат.

5.2. Макулдашуу Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн Кеңешмесинде, билим берүү кызматкерлеринин райондук кесиптик бирлик комитетинин Пленумунда талкууланып, Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан жактырылып, үч тарап кол койгон күндөн баштап күчүнө кирет.

5.3. Үч тараптуу макулдашууда көрсөтүлгөн талаптардын турмушка ашырылышы боюнча жылдын жыйынтыгы менен мониторинг чыгарылып, бир жылда бир жолу билим берүү кызматкерлеринин райондук кесиптик бирлик комитетинин Пленумунда Макулдашууда белгиленген талаптардын аткарылышы боюнча маалымат берилет.

5.4. Макулдашууну аткарууда тараптардын ортосундагы ар кандай пикир келишпестиктер тараптардын сүйлөшүүлөрү же макулдашуусу аркылуу чечилет.

5.5. Үч тараптуу макулдашуу кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет жана жаңы макулдашуу түзүлгөнгө чейин күчүндө болот.

5.6. Кыргыз Республикасынын «Эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө» мыйзамынын 22-статьясына ылайык Макулдашуунун аткарылышына көзөмөлдүктү социалдык өнөктөштүктүн тараптары, тармактык жана аймактык деңгээлдеги тиешелүү комиссия жүзөгө ашырат.

5.7. Кыргыз Республикасынын «Эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө» мыйзамынын 18-беренесине ылайык үч тараптуу макулдашуу аймактык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгында каттоодон өткөрүлөт.

5.8. Түзүлгөн макулдашуу бирдей юридикалык күчкө ээ жана 4 нускадан турат.

**Үч тараптуу макулдашуу кол коюлгандан кийин тараптарга бир нускадан берилет жана бир нускасы Кара-Суу райондук социалдык коргоо башкармалыгында сакталат.**

| | | |
|---|---|---|
| Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким | Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы | Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин төрайымы |
| К.К.Табалдиев | Эмилбек уулу Талантбек | Н.А.Исраилова |
| ______________ | ______________ | ______________ |
| «___» ______ 2025-жыл | «05» 08 2025-жыл | «05» 08 2025-жыл |
| М.О. | М.О. | М.О. |

Кара-Суу районунун   мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн  жана Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин биргелешкен отурумунун

ПРОТОКОЛУ

Кара-Суу ш.                                                                                       11.04. 2025-ж.

Күн тартибинде:

1. Кара-Суу районунун  мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин ортосунда 2025-2028-жылдарга карата түзүлгөн үч тараптуу макулдашуунун долбоорун иштеп чыгуу боюнча комиссия курамын бекитүү жөнүндө

Угулду: Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин төрайымы Исраилова Нуржан Абдираимовна 2024-2027-жылдарга карата үч тараптуу макулдашуу Кара-Суу райондук социалдык коргоо башкармалыгы тарабынан каттоого алынган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси 2024-жылдын 18-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жапаров тарабынан кол коюлуп, 2025жылдын 23-январында №24 Мыйзам менен колдонууга киргизилгендиги жана мындан ары үч тараптуу макулдашууну Кыргыз Республикасынын Эмгек одексинин жаңы редакциясынын негизинде кайрадан карап чыгып,долбоорун иштеп кабыл алуу боюнча  маалымат берди:

Ар жылы жаңы окуу жылы  башталаар алдында билим берүү  кызматкерлери райондогу эмкананын дарыгерлери тарабынан   медициналык кароодон акысыз  өткөрүлүшөт.

Айыл аймактардын башчылары, шаар мэри, мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин директорлору жана баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрага,төрайымдарынын ортосунда  түзүлгөн  үч тараптуу келишимдердин  аткарылышы  боюнча маалыматтар алынып, жыйынтыгы чыгарылып, райондук билим берүү  бөлүмүнө жана Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясына жиберилет. Үч тараптуу макулдашууда  көрсөтүлгөн мыйзамдардын беренелерин аткаруу боюнча жергиликтүү кеңештин дептутаттарына  зарыл болгон учурда маалым кат жиберилет.

Н.Исраилова мектепке чейинки билим берүү мекемелеринен келип түшкөн каттарга таянып,төмөндөгүлөргө токтолду: Бүгүнкү күндө районубузда 110 (үч балдар бакчасы Ала-Тоо айыл аймагында        2025-жылдын 1-мартынан кошулду)1 мамлекеттик жана 109  муниципалдык мектепке чейинки билим берүү мекемелери ишмердүүлүктөрүн жүргүзүп келишүүдө.

Учурда мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиялануучуларынын тамак-ашы ата-энелер тарабынан каржыланууда.

Ал эми балдар бакчаларында күнүмдүк керектелүүчү  залалсыздандыруучу каражаттар (хлор таблеткасы, хлорапин), жууп-тазалоочу каражаттар (пол жууганы, чаң аарчыганы тряпкалар, ашканадагы идиштерди тазалоочу каражаттар, самын, кир жуучу каражаттар, балдардын өздүк гигиенасы үчүн салфеткалар,даараткана кагаздары), концелярдык  кеңсе буюмдары (кагаз А4,көчүрмө  аппараттын сыясын толтуруу, эмеректерди оңдоп-түзөө үчүн чарбалык буюмдар (туткалар,электр точкалары, лампочкалар ж.б.)) менен камсыздоо, мектепке чейинки билим берүү

мекемелерин кезектеги ондоп-түзөөдөн өткөрүү, көрктөндүрүү иштерин жүргүзүүдө зарыл болгон каражаттарды сатып алууда акча каражатынын жоктугунан кыйынчылыктар жаралып жатат.

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары" жөнүндөгү 14-беренесинин 3-пунктунда Муниципалдык билим берүү уюмдарын каржылоо, имараттарын карап күтүү жана материалдык-техникалык жактан жабдуулоого айыл өкмөттөрү тарабынан колдоо көрсөтүү деп белгиленген.Ошол себептен жогорудагыдай зарыл болгон маселелерди чечүүнү үч тараптуу макулдашууга киргизүүнү сунуштады.

Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары Куланова Айжан Мамаевна :

2024-2027-жылдарга карата Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана билим берүү кызматкерлеринин Кара-Суу райондук кесиптик бирлик комитетинин ортосунда үч тараптуу макулдашуунун долбоорун иштеп чыгуу боюнча комиссия курамы өзгөчө кайсы маселелерге токтолуусу зарыл экендигине токтолду.

**2003-жылдын 25-июлундагы №154** Кыргыз Республикасынын эмгек мамилелер жаатындагы Социалдык өнөктөштүк жөнүндө мыйзамына *(КР 2023-жылдын 17-мартындагы №60,2025-жылдын 23-январындагы №24 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*, Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 21-августундагы №164 Жамааттык келишимдер жөнүндө (КР 2022-жылдын 28-декабрындагы №128,2025-жылдын 23-январындагы №24 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык), КР 2025-жылдын 23-январындагы №24 Мыйзамы менен колдонууга киргизилген Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 23-январындагы №23 Эмгек Кодексине ылайык долбоорун даярдоо боюнча комиссия курамын бекитүүнү сунуштады.

Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин биргелешкен отуруму жогорудагы маалыматты угуп жана талкуулап,төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

## ЧЕЧИМ:

1. Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 23-январындагы №24 Мыйзамы менен колдонууга киргизилген Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 23-январындагы №23 Эмгек Кодексине ылайык 2025-2028-жылдарга карата Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин ортосунда түзүлгөн үч тараптуу макулдашуунун долбоорун иштеп чыгуу боюнча төмөндөгү комиссия курамы бекитилсин:

1.Куланова Айжан Мамаевна-Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары, комиссия курамынын төрайымы;

2.Исраилова Нуржан Абдираимовна- Билим берүү кызматкерлеринин Кара-Суу райондук кесиптик бирлик комитетинин төрайымы;

3.Эмилбек уулу Талантбек-Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы;

4.Кочкорбаев Нурлан Расулович -Кара-Суу райондук социалдык коргоо башкармалыгынын башчысы;

5.Тажибаев Казыбек-Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын социалдык маселелер боюнча сектор башчысы;

6.Жаныбек уулу Элдияр – Манас айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары;

7.Калбаев Мирлан Закирович-Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн борборлоштурулган бухгалтериясынын башкы бухгалтери;

8.Бөрүбаева Гүлсүн Чомоевна –№86 Курманжан датка атындагы орто мектебинин директору;

9.Маматкадыров Махкам- №82 А.Эшматов атындагы орто мектебинин баштапкы кесиптик бирлик уюмунун төрагасы.

2.Үч тараптуу макулдашуунун долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, райондогу жалпы баштооч,негизги, орто билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүнө түшүндүрүү аркылуу жеткирисин.

3.2025-2028-жылдарга карата Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана билим берүү кызматкерлеринин Кара-Суу райондук кесиптик бирлик комитетинин ортосунда түзүлгөн үч тараптуу макулдашууну Кара-Суу райондук социалдык өнүгүү башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы билим берүү кызматкерлеринин Кара-Суу райондук кесиптик бирлик комитетинин төрайымы Н.Исраиловага тапшырылсын.

4.2025-2028-жылдарга карата түзүлгөн үч тараптуу макулдашуунун (жер-жерлерде айыл өкмөт,мектеп директору (балдар бакчасы), баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрага,төрайымдарынын ортосунда түзүлгөн үч тараптуу келишим) талаптарын аткарууга алуу жагы жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына, райондук билим берүү бөлүмүнө, мектепке чейинки жана жалпы билим берүү мекемелеринин директорлоруна жана баштапкы кесиптик бирлик уюмдарына тапшырылсын.

5.2025-2028-жылдарга карата түзүлгөн үч тараптуу макулдашуунун аткарылышы боюнча тиешелүү органдарга белгиленген графиктен кечиктирбестен маалымат берүү жагы райондук билим берүү бөлүмүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына жүктөлсүн.

6.Үч тапатуу макулдашуунун жооптуу кызматкерлер тарабынан аткарууга алынышын көзөмөлдөө жана маалыматтарды жалпылап тиешелүү жактарга жиберүү жагы Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинен суралсын.

Комиссия курамынын төрайымы,
Кара-Суу районунун мамлекеттик
администрациясынын башчысынын
орун басары А.Куланова

Катчы А.Джумашева

МАКУЛДАШЫЛДЫ

Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары
_________А.Куланова
“___”___2025-ж.

МАКУЛДАШЫЛДЫ

Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы
_________Эмилбек у.Т.
“05” 08 2025-ж.

МАКУЛДАШЫЛДЫ

Кара-Суу райондук билим берүү кызмат-керлеринин профсоюз комитетинин төрайымы
_________Н.Исраилова
“05” 08 2025-ж.

Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин ортосунда 2025-2028-жылдарга карата түзүлгөн үч тараптуу макулдашуунун долбоорун иштеп чыгуу үчүн түзүлгөн иш планы

| № | Аткарылуучу иш-чаранын мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1. | Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин ортосунда 2024-2027-жылдарга карата түзүлгөн үч тараптуу макулдашуунун 2024-жылга карата аткарылышы боюнча маалымат | 2025-ж.1-кв. | Кара-Суу райБББ кызматкерлери,<br>Кара-Суу РПК |
| 2. | **2003-жылдын 25-июлундагы №154** Кыргыз Республикасынын эмгек мамилелер жаатындагы Социалдык өнөктөштүк жөнүндө мыйзамы *(КР 2023-жылдын 17-мартындагы №60,2025-жылдын 23-январындагы №24 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*, Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 21-августундагы №164 Жамааттык келишимдер жөнүндө (КР 2022-жылдын 28-декабрындагы №128, 2025-жылдын 23-январындагы №24 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык), КР 2025-жылдын 23-январындагы №24 Мыйзамы менен колдонууга киргизилген Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 23-январындагы №23 Эмгек Кодекси жөнүндө билим берүү кызматкерлерине маалыматты кайрадан жиберүү | 2025-ж.<br>Апрель-май | Кара-Суу РПК,<br>Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин директорлору,<br>Баштапкы кесиптик бирлик уюмдары; |
| 3. | Үч тараптуу макулдашуунун долбоорун иштеп чыгуу жана баштапкы кесиптик бирлик уюмдарына маалымат берүү | Август,2025-ж. | Кара-Суу РПК |
| 4. | Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын, Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин ортосунда түзүлгөн үч тараптуу макулдашууну Кара-Суу райондук социалдык коргоо башкармалыгынан каттоодон өткөрүү. | Сентябрь,<br>2025-ж. | Кара-Суу РПК |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | 2025-2028-жылга карата түзүлгөн үч тараптуу макулдашууну баштапкы кесиптик бирлик уюмдарына жеткирүү жана ар бир баштапкы кесиптик бирлик уюмунда үч тараптуу келишимдин түзүлүүсүнө жетишүү | Ноябрь-декабрь, 2025-ж. | Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин директорлору,Баштапкы кесиптик бирлик уюмдары |
| 6. | Үч тараптуу макулдашуунун талаптарын аткарууга алууга жетишүү | 2025-2028-ж.ж. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдару, билим беүү мекемелери жана баштапкы кесиптик бирлик уюмдары |

Уюштуруу тобу

Даярдагандар:

Бөрүбаева Гүлсүн Чомоевна — №86 Курманжан датка атындагы орто мектебинин директору;

Маматкадыров Махкам — №82 А.Эшматов атындагы орто мектебинин баштапкы кесиптик бирлик уюмунун төрагасы.